DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-62-241-247
УДК: 81.367

***Абдыкеримова А. Э.,*** *филол. илимд. докт.*
*aaida1973@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-3680-8348*
***Сулайманова Ж. С.,*** *магистрант*
*sagynbekovnazazgul@gmail.com*
*ORCID: 0009-0000-0678-6612*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# СИНТАКСИСТИК ПАРАЛЛЕЛДҮҮЛҮК ЖАНА АНЫН ТЕКСТТЕГИ ПОЛИФУНКЦИЯЛУУЛУГУ

*Макала экспрессивдүү синтаксистин каражаттарынын бири болгон синтаксистик параллелдүүлүк жана анын текстте аткарган кызматына арналган. Стилистикалык бул ыкма тексттеги (контексттеги) сүйлөмдөрдүн же сүйлөмдөрдүн бөлүктөрүнүн бирдей же окшош түзүлүшү менен мүнөздөлүп, бүтүндөй тексттин көркөмдүгүндө, логикалуулугунда жана гармониялуулугунда олуттуу роль ойнойт.*

*Синтаксистик параллелдүүлүк тилдик бир нече деңгээлдер (сөз, сөз айкашы, сүйлөм жана текст) менен байланыштуу болгондуктан, көп функциялуу кубулуш катары каралып, негизги өзгөчөлүктөрүнүн бирин полифункциялуулук түзөт. Башкача айтканда, аталган стилистикалык ык-амал белгилүү бир контекстте, ошону менен бирге текстте бир эмес, бир нече функцияны: конструктивдик, ыргак жаратуучу, маани-маңыздык басым коюу, экспрессивдик, көркөмдүк функцияларды аткарат. Аталган функциялар өз ара байланыштуу болушат. Полифункциялуулук синтаксистик параллелдүүлүктүн стилистикалык касиети катары каралуу менен, аны текст куруунун маанилүү ык-амалдарынын бири катары эсептөөгө шарт түзөт.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *синтаксистик параллелдүүлүк, стилистикалык ык-амал, текст, кайталоо, ыргак, маани-маңыз, кызмат, полифункциялуулук, конструктивдик функция, ыргак жаратуучу функция, экспрессивдик функция, көркөмдүк функция.*

***Абдыкеримова А. Э.,*** *докт. филол. наук*
*aaida1973@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-3680-8348*
***Сулайманова Ж. С.,*** *магистрант*
*sagynbekovnazazgul@gmail.com*
*ORCID: 0009-0000-0678-6612*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

# СИНТАКСИЧЕСКИЙ ПАРАЛЛЕЛИЗМ И ЕГО ПОЛИФУНКЦИОНАЛЬНОСТЬ В ТЕКСТЕ

*Статья посвящена синтаксическому параллелизму, который является одним из средств экспрессивного синтаксиса и его функциям в тексте. Данный стилистический способ характеризуется одинаковой или схожей структурой предложений или частей предложений в тексте (контексте) и играет значительную роль в художественности, логичности и гармоничности всего текста.*

*Так как синтаксический параллелизм связан с несколькими языковыми уровнями (слово, словосочетание, предложение и текст), он рассматривается как многофункциональное, т. е., полифункциональное явление. Другими словами, данный стилистический прием и в отдельно взятом контексте, и в тексте выполняет не одну, а несколько функций: конструктивную*

*функцию, ритмообразующую функцию, функцию смысловой акцентуации, экспрессивную функцию, художественную функцию. Указанные функции являются взаимосвязанными. Полифункциональность является стилистическим свойством синтаксического параллелизма и служит основанием считать его важным приемом текстопостроения.*

***Ключевые слова:*** *синтаксический параллелизм, стилистический прием, текст, повтор, ритм, смысл, функция, полифункциональность, конструктивная функция, ритмообразующая функция, экспрессивная функция, художественная функция.*

***Abdykerimova A. E.****, doctor of philology*
*aaida1973@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-3680-8348*
***Sulaymanova Zh. S.****, master's student*
*sagynbekovnazazgul@gmail.com*
*ORCID: 0009-0000-0678-6612*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## SYNTACTIC PARALLELISM AND ITS POLYFUNCTIONALITY IN THE TEXT

*The article is devoted to syntactic parallelism, which is one of the means of expressive syntax and its functions in the text. This stylistic method is characterized by the same or similar structure of sentences or parts of sentences in the text (context) and plays a significant role in the artistry, logic and harmony of the entire text.*

*Since syntactic parallelism is associated with several language levels (word, phrase, sentence and text), it is considered as a multifunctional, i.e., multifunctional phenomenon. In other words, this stylistic device performs not one but several functions both in a particular context and in the text: a constructive function, a rhythm-forming function, a semantic accentuation function, an expressive function, and an artistic function. These functions is interrelated. Polyfunctionality is a stylistic property of syntactic parallelism and serves as a reason to consider it an important technique of textual construction.*

***Keywords:*** *syntactic parallelism, stylistic device, text, repetition, rhythm, meaning, function, polyfunctionality, constructive function, rhythm-forming function, expressive function, artistic function.*

Акыркы убактарда тилчи-изилдөөчүлөрдө тилдик кубулуштардын стилистикалык аспектисине болгон кызыгуу терендеп баратканы байкалат жана мындай иликтөөлөр, негизинен, тексттик алкакта жүргүзүлүп келүүдө. Тексттин, өзгөчө, көркөм тексттин синтаксистик курулушунда олуттуу роль ойногон стилистикалык ыкмалардын бири болуп синтаксистик параллелдүүлүк эсептелет. Экспрессивдүү синтаксистин бул стилистикалык ык-амалы сүйлөмдөрдүн же сүйлөмдөрдүн бөлүктөрүнүн бирдей же окшош түзүлүшү менен байланыштуу каралат. Синтаксистик параллелдүүлүк текстти көркөмдүккө, логикалуулукка жана гармониялуулукка ээ кылууда чоң роль ойнойт десек болот. Ал, жалпысынан, ойду баса көрсөтүү, тексттин ыргактуулугун камсыздоо жана көркөмдүктү, экспрессивдүүлүктү күчөтүү максатында кызмат өтөрү белгилүү. Кайталоого негизделген стилистикалык бул ык-амалдын башкы мүнөздүү белгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- бирдей грамматикалык структура: сүйлөмдүн бөлүктөрү же сүйлөмдөр бир эле синтаксистик шаблон боюнча түзүлөт;
- кайталанган элементтердин (компоненттердин) болушу, мындай элементтер катары бирдей сөздөр, байламталар, сөз формалары, сөз айкаштары, сүйлөмдөр кызмат кылышы мүмкүн;

- бөлүктөрдүн ортосундагы маани-маңыздык байланыш: синтаксистик параллелдүүлүк тексттин бөлүктөрүн логикалык же стилистикалык бириктирүү милдетин аткарат.

Бөлүктөрдүн структуралык жана формалдык шайкештигине, окшоштугуна жараша, синтаксистик параллелдүүлүк бир катар түрлөргө дифференцияланары да белгилүү:

- толук параллелдүүлүк, мында параллелдүүлүктүн семантика-структуралык биримдигинин параллель (жарыш) уюшулган компоненттеринин (бөлүктөрдүн) структурасы толугу менен дал келип, бирдей болот;
- толук эмес параллелдүүлүк, мында бөлүктөрдүн структурасы окшош, бирок айрым деталдары боюнча айырмаланат;
- салыштырма параллелдүүлүк, синтаксистик параллелдүүлүктүн бул түрүндө сүйлөмдүн бөлүктөрү же сүйлөмдөр маани-мазмундук жактан карама-каршы коюлат;
- аналитикалык параллелдүүлүк, адатта, бул түр ой жорумдарда логикалык каршы коюу үчүн колдонулат;
- терс (тангыч) параллелдүүлүк, мында бирдей жайгашкан бөлүктөр тануу, жокко чыгаруу маанисин туюндурган бөлүкчөлөр ж. б. тилдик каражаттардын жардамы менен уюшулат, синтаксистик параллелдүүлүктүн бул түрү өтө сейрек учурайт.

Синтаксистик параллелдүүлүк, негизинен, анафоранын, антитезанын, климакстын, байламтасыз байланыштын, эпифоранын жана симплоканын жардамы менен ишке ашырылат.

Демек, тил каражаттарынын жардамы аркылуу текст куруу фигурасынын бири катары кызыгууну жаратпай койбойт. Бирок аны формалдык көрүнүш, формалдык комплекс катары гана кароо жетишсиз. Анткени тексттеги кубулушту формалдык конфигурациясы, кызматы боюнча гана карап, анын маани-маңыздык потенциалын, мазмунду туюндуруудагы ролу менен кызматын эсепке албай коюу туура эмес. Мындай болгондо, синтаксистик параллелдүүлүктүн тексттеги формалдык ролу гана белгиленип, ал эми семантикалык ролу четте калат.

Синтаксистик параллелдүүлүктү изилдөөнүн негизи катары тексттин семантикасын коммуникацияда тилдин жардамы менен туюндурулган маани-маңыз катары түшүндүргөн жоболор түзүшү мүмкүн. Ал эми мындан синтаксистик параллелдүүлүк кубулушун толук жана терең андап түшүнүү сырткы формалдык көрүнүштөргө гана эмес, кептик жүзөгө ашыруунун түрдүү контексттеринде алар аткарган функцияларга да багытталган талдоо жүргүзүлгөндө гана ишке ашырылышы мүмкүн экендиги келип чыгат.

Жалпысынан, синтаксистик параллелдүүлүк тилдик бир нече деңгээлдер (сөз, сөз айкашы, сүйлөм жана текст) менен байланыштуу болгондуктан, кепте полифункциялуу кубулуш катары каралып, өзүндө бир катар функцияларды аткаруу жөндөмүн импликациялайт. Адатта, синтаксистик параллелдүүлүктүн негизги функциялары катары төмөнкүлөр көрсөтүлүп жүрөт: 1) көркөмдүк: кайталанган параллель структура тексттеги өзөктүү ойду (ойлорду) баса белгилейт; 2) ыргактуулук: синтаксистик параллелдүүлүк текстти ыргактуу жана обондуу кылуу менен, кабыл алууга жеңил болуусун шарттайт; 3) маани-маңыздык басым (акцент) коюу: кеп болуп жаткан ыкма тексттеги негизги идеяны бөлүп көрсөтүп, ага маани берүүгө өбөлгө түзөт.

Синтаксистик параллелдүүлүктүн функциялары анын тексттин кайсы бөлүгүндө орун алуусуна, көлөмүнө (микро- жана макропараллелдүүлүк), стилистикалык башка ык-амалдар, ыкмалар жана каражаттар менен айкашуусуна, маани-маңыздык контекстке, тексттин же функционалдык стилдин тибине, түрүнө жараша

дифференцияланат. Мында бардык учурлар үчүн жалпы болуп аталган кубулуштун эки функциясы – конструктивдик жана ыргак жаратуучу функциялары – эсептелет. Булардын ичинен биринчиси, башкача айтканда, конструктивдик функция байланыштыруучу, архитектоникалык же композициялык кызмат катары ишке ашырылат.

Арийне, тексттердин түзүлүшүндө жалпы функция болуп экспрессивдүү функция да саналат, ал синтаксистик параллелдүүлүккө анын табиятынан эле мүнөздүү болот, бирок мында эмоциялуулук мүнөздүү болбогон илимий жана расмий иш кагаздарынын стилинде экспрессивдүүлүк орун албастыгын эстен чыгарбоо зарыл [6, 95-б.]. Синтаксистик параллелдүүлүктүн айтымдын (тексттин) эмоциялык фонун күчөтүү жөндөмү анын стилистикалык негизги касиеттеринин бири болуп саналат. Параллелдүүлүктүн бул касиети белгилүү бир контексттеги логикалык маңызды, тарапты баса бөлүп көрсөтүү менен шартталат. Мында көпчүлүк учурда параллель конструкциялар (бөлүктөр) контрастты, карама-каршылыкты туюндуруу же тереңдетүү максатында кызмат кылат. Эмоциялык контраст, аны менен шартталган синтаксистик контраст теманын өзгөрүшү менен баяндоо тоналдуулугун кескин алмаштыруу зарыл болгон учурларда колдонулат.

Синтаксистик параллелдүүлүктүн экспрессивдүү функциясы максат коюлган коммуникативдик эффектиге жетүү үчүн предметтик-логикалык маалымат менен катар кошумча стилистикалык маалыматты берүү ролу менен аныкталат. Мындай кошумча маалымат экспрессивдик-маанилик, эмоциялык-баалоочулук, эстетикалык мүнөзгө ээ болушу ыктымал [2, 14-б.].

Кайсы элементтер жана деңгээлдик бирдиктер кайталанып жатканына жараша, текстте параллелдүүлүктүн эки тиби орун алат – микропараллелдүүлүк жана макропараллелдүүлүк.

Бул жааттагы айрым изилдөөлөргө таясак, микропараллелдүүлүктө семантика-структуралык биримдиктин компоненттери катары сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, ал эми макропараллелдүүлүктүн алкагында бирдей, окшош жарыш же параллель түрдө берилген жөнөкөй же татаал сүйлөмдөр кызмат кылат, алар контактылык түрдө да, дистанттык түрдө да орун алышы мүмкүндүгүн изилдөөчү Р. В. Скляренко көрсөтөт [7, 2-б.]. Ал эми башка изилдөөлөр, мисалы, изилдөөчү А. А. Кузнецованын пикири боюнча, микроконтекст деңгээлинде синтаксистик параллелдүүлүк сөз айкаштары же татаал сүйлөмдүн курамындагы предикативдик бөлүктөр менен, макроконтекст деңгээлинде татаал синтаксистик бүтүндүктүн курамындагы жөнөкөй жана/же татаал сүйлөмдөр аркылуу уюшулат [3, 12-б.]. И. А. Пуленко микропараллелдүүлүктү сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү, көпчүлүк учурда айкындооч мүчөлөрү гана түзөт, ал эми макропраллелдүүлүк татаал сүйлөмдөрдү жана бүтүндөй контекстти камтыйт деген көз карашын публицистикалык кептин материалдарынын негизинде туюндурган [5, 14-б.]. Синтаксистик параллелдүүлүк боюнча изилдөөлөрдөгү көз караш-пикирлерди жалпылаштыруу менен, төмөнкүдөй бүтүмдөргө келүүгө болот: синтаксистик параллелдүүлүк стилистикалык фигура катары, ык-амал катары микроконтекст деңгээлинде сөз айкаштары, татаал сүйлөмдүн курамындагы предикативдик бөлүктөр, сөздөр аркылуу уюшулат; ал эми макроконтекст деңгээлинде синтаксистик параллелдүүлүктү уюштурууга макротексттин (тексттик фрагменттин) курамындагы жөнөкөй же татаал сүйлөмдөр катышат.

Көлөмдүн чоңоюшу менен параллелдүүлүктүн функциялары өзгөрөт. Көп учурда микропараллелдүүлүк фразанын ичинде ыргак жаратуучу каражат катары кызмат аткарат, ал эми ыргак экспрессивдүүлүк менен ажырагыс байланышка ээ болгондуктан,

ыргак жаратуу менен бир убакта экспрессивдик функция да ишке ашрылат. Макропараллелдүүлүк айтылуучу ой-мазмундун коммуникативдик, структуралык жана семантикалык бүтүндүгүн жаратууга катышып, чоң маалыматтык көлөмдө конструктивдик (уюштуруучу) функциянын жүзөгө ашуусун шарттайт жана бул функция экспрессивдик функцияга карата алганда баштапкы, биринчилик кызматы болуп эсептелет. Демек, синтаксистик параллелдүүлүк кубулушунун коммуникативдик жүзөгө ашырылуусунда экспрессивдик жана конструктивдик функциялардын мааниси, ролу өзгөрүүгө, атүгүл, трансформацияга учурайт.

Изилдөөчүлөр синтаксистик параллелдүүлүктүн архитектоникалык функциясы да бар экенин белгилешет, ал текстти ыргактык-интонациялык уюштурууга кызмат кылат. Синтаксистик параллелдүүлүктүн архитектоникалык функциясынын маңызын «тексттик биримдикти жана маани-маңыздык жана көркөм мазмундук түрдүү бирдиктерди бир маалыматтык системага бирктирүүнү камсыз кылуу» түзөт [2, 14-б.]. Бул кеп болуп жаткан стилистикалык ык-амалды (фигураны) тексттин байланыштуулугу менен бүтүндүгүн камсыздаган интеграциялоочу борборго айлантат. Бул жаатта алганда, ал маани-маңыздык мазмунду логикалык мүчөлөштүрүү (жиктештирүү), интенсивдештирүү, эмоциялык таасир этүүнү күчөтүүнү ишке ашырып, кайталоо-лейтмотивдин стилистикалык милдетин кошо иш жүзүндө аткарат.

Синтаксистик параллелдүүлүк кубулушунун экпрессивдүүлүгү каралып жаткан стилистикалык фигуранын өзүнүн да, маалыматтын мазмунунун да таасир этүү күчүн күчөтөт, бул болсо, өз кезегинде, кепте синтаксистик параллелдүүлүктүн дагы бир функциясынын – прагматикалык функциянын оптималдуу түрдө жүзөгө ашырылышына өбөлгө түзөт.

Прагматиканын аспектиси тилди семиотикалык кабыл алуудан тамырлаганы белгилүү. Жалпысынан, прагматика (грекче πρᾶγμα – иш, иш-аракет) тил илиминин жана семиотиканын тилдик белгилердин кепте кызмат аткаруусун изилдеп үйрөнүүгө алган тармагы экени белгилүү. «Лингвистикалык энциклопедиялык сөздүккө» таянсак, «прагматика» термини илимий айлампага XX к. 30-жылдарынын аяк ченинде Ч. У. Моррис тарабынан киргизилип, аталган окумуштуу прагматиканы семиотиканын бөлүмү катары караган жана сүйлөөчүлөрдүн белгилерге карата мамилесин изилдеп үйрөнүүчү илим катары түшүндүргөн. Ал эми прагматиканын лингвистиканын тармагы катары калыптанышы Ч. С. Пирстин ысымы менен байланыштуу болуп, XX к. 60-жылдардын 2-жарымы – 70-жылдардын башына туура келерин буга чейин макалабызда белгилеп кеткенбиз [1]. Лингвистикалык прагматика так байкалган чектерге ээ эмес, анын алкагына сүйлөөчү субъект же адресант, кеп багытталган жак же адресат, алардын өз ара карым-катышы, пикир алышуу кырдаалы ж. б. маселелердин кеңири комплекси кирет [4, 389-390-бб.]. Бул маселелердин ар бири өз ичинен да маселелердин алкагына ээ, мисалы, кеп субъектиси же адресантка байланыштуу айтымдын ачык жана көмүскө максаттары, кеп тактикасы, сүйлөөчүнүн ниет-мүдөөсү ж. б. маселелер каралат.

Прагматика аспектисин кароодо көңүл борборунда белгилер менен ошол белгилерди туюндурган, берген жана кабыл алган адамдардын ортосундагы карым-катыш, мамиле турат. Тилдик белгилердин негизги милдетин башкаларга ойду тилдин жардамы менен билдирүү гана түзбөйт. Алардын, тактап айтканда, тилдик белгилердин жардамы аркылуу субъектини коммуникацияга катышууга кызыктыруу да ишке ашырылат. Буга болсо коммуникацияга катышуучунун сезимдерин, каалоо-ниетин, үмүттөрүн аппеляциялап, белгилүү бир реакциясын пайда кылган тилдик белгилерди колдонуунун натыйжасында жетүүгө болот. Тилдик белгилерди ишке ашыруунун,

тагыраак, колдонуунун дал ушул жагы прагматикалык аспект катары каралат. Анын негизги функциясынын аныктамасын төмөнкүчө туюндурууга болот: прагматикалык функция дегенибиз тилдин бирдиктери маани-мазмунду туюндуруу үчүн гана эмес, маалымат алуучуга, башкача айтканда, адресатка кандайдыр бир таасир этүү үчүн да кызмат кылуусун билдирген функция болуп саналат. Прагматикалык функция адегенде тилди кептик пайдалануу менен байланыштуу болгону менен, ал белгилүү бир маани-маңыздык мейкиндик катары текстте тилдик каражаттарды белгилүү бир түрдө тандап алуу жана аларды тигил же бул кырдаалдык экспрессивдүүлүктүн түрлөрүнө жараша тексттин ичинде жайгаштыруу аркылуу жүзөгө ашырылат. Мына ушундай тилдик каражаттардын арасында синтаксистик параллелдүүлүк бар. Ал текстти экспрессивдештирүүнүн салттуу ык-амалы болуу менен, өзүнүн көркөмдүгү жагынан жөн гана стилистикалык каражат катары каралбастан, синтаксистик-стилистикалык (риторикалык) фигура болуп саналат. Кептик жүзөгө ашуу процессинде ал өзүнө эмоциялуулукту да, баалоочулукту да, образдуулукту да, интенсивдүүлүктү да бириктире алат. Албетте, ар кыл тексттик шарттарда алардын сандык жана сапаттык карым-катышы ар түрдүүчө болору талашсыз. Жеке-маанилик моменттерден тышкары, текстте синтаксистик параллелдүүлүктү колдонууга типологиялык-стилдик, жанрдык жана жекече-автордук факторлор да олуттуу таасир тийгизбей койбойт. Жекече-автордук фактор тексттеги автордук интенциянын өнүгүү сызыгы менен түздөн түз байланыштуу болот.

Синтаксистик параллелдүүлүктүн прагматикалык ресурсу тууралуу айтсак, ал анын «структуралык окшоштукка, бирдейликке ээ болгон бөлүктөрдүн ортосунда семантикалык окшоштукту, бирдейликти жартуу» мүмкүнчүлүгү менен аныкталат. Мындай мүмкүнчүлүк тиешелүү элементтердин семантикалык дараметин кеңейтип, жаңы акценттерге ээ кылат жана кайталанган же параллель бөлүктөрдүн эске тутулуусун камсыз кылат.

Жыйынтыктап алганда, полифункциялуулук синтаксистик параллелдүүлүктүн стилистикалык касиети катары каралуу менен, аталган кубулушту текстти түзүүнүн тилдик жана кептик каражаттар аркылуу жүзөгө ашкан олуттуу фигура катары сыпаттоого негиз берет. Ошондуктан синтаксистик параллелдүүлүк тексттин теориясынын же таксттаануунун да, стилистиканын да алкагында атайы түрдө, ар тараптуу иликтеп үйрөнүүгө алынышы талапка ылайык.

**Адабияттар:**

1. Абдыкеримова, А. Э. Тексттин прагматикасынын айрым маселелери / А. Э. Абдыкеримова // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2024. - №58.

2. Арещенко, Т. В. Повтор как экспрессивный прием поэтической речи О. Берггольц : автореф. дис. ... канд. филол. наук / Т. В. Арещенко. - Минск, 2000.

3. Кузнецова, А. А. Стилистические фигуры, построенные по принципу синтаксического параллелизма, в современном русском литературном языке : автореф. дис. ... канд. филол. наук / А. А. Кузнецова. - Красноярск, 2003.

4. Лингвистический энциклопедический словарь / Главный ред. В. Н. Ярцева. - М.: Советская энциклопедия, 1990.

5. Пуленко, И. А. Экспрессивность синтаксиса публичных речей (синтаксический параллелизм и порядок слов в подготовленных выступлениях деятелей ФКП) : автореф. дис. ... канд. филол. наук / И. А. Пуленко. - Минск, 1988.

6. Синтаксические фигуры как система : коллективная монография / науч. ред. Э. М. Береговская. - Смоленск : Изд-во СмолГУ, 2007.

7. Скляренко, Р. В. Лингвостилистические особенности синтаксического параллелизма: (на материале англо-американской художественной прозы XX века) : автореф. дис. ... канд. филол. наук / Р. В. Скляренко. - М., 1987.
8. Тургунбаева, С. Ж. Тексттеги синтаксистик параллелизм : филол. илимд. канд. … диссертация / С. Ж. Тургунбаева. - Ош, 2019.
9. Шитикова, И. В. Синтаксический параллелизм как явление с особым статусом в текстообразовании / И. В. Шитикова // Вестник МГЛУ. Сер. 1, Филология. - 2011. - № 3(52). - С. 107-114.